**Кыргыз Республикасынын билим беруу жана илим министрлиги**

**К.И.скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети**

**Техника- экономикалык колледж**

| **" Жактырылды"** | **" БЕКИТЕМИН"** |
|---|---|
| КУАУнун алдындагы ТЭКтин Педкенешинин | КУАУнун алдындагы ТЭКтин директорунун м.а.,техн. и.к., доцент |
| Протоколу № 1 | А.Ж.Барпиев |
| "11" 10 2023 -ж. | 2023-ж. |

**К.И.Скрябин атындагы КУАУнун алдындагы Техника -экономикалык колледжинин окутуунун баллдык-рейтингдик системасы тууралуу ЖОБО**

**Бишкек-2023**

**Баллдык- рейтингдик система** – студенттердин семестр ичиндеги окуу материалдарынын өтүлгөн бөлүмдөрүн логикалык жактан өздөштүрүүсүнүн көзөмөлү .
**Рейтинг**–адамдын деңгээлинин бааланган (жетишкендиктеринин) жекече сандык көрсөткүчү.
**Көзөмөл** - алдыга коюлган милдеттердин аткарылышын системалуу түрдө текшерүүнү ишке ашыруу.
**Модул** - тарбиялоонун,окутуунун белгиленген тартиптеги максатына жана жыйынтыгына жетишүүдөгү аныкталган логикалык жыйынтыгындагы билим берүү программасынын же окуу сабактарынын бир бөлүгү;

Модул - рейтингдик системаны киргизүүнүн максаты :

- ыкчамдатуунун негизинде окуунун жүрүшүндөгү билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, окутуунун ыкмаларын жаңыртуу жана мазмунун жакшыртуу боюнча профессордук- окутуучулук курамдын жана студенттердин иштерин жандандыруу;
- студенттердин адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүдө, алардын билим алуудагы сапатына дайыма көзөмөлдү жана рейтингдик баалоону ишке ашыруу.

## 1. Рубеждик аттестация жөнүндөгү типтүү жобо

К.И Скрябин атындагы КУАУнун алдындагы ТЭКтин педагогикалык кеңешинин чечимине ылайык, билим берүүнүн сапатына көзөмөлдү жакшыртуу максатында бардык сабактар боюнча(дене тарбия сабагынан тышкары) студенттердин академиялык жетишүүсүн эсепке алуу жана көзөмөлдөө боюнча төмөндөгүдөй тартип киргизилсин:

**1- рубеждик аттестацияда- эң жогорку балл 50 ; анын ичинде: 0 дөн 35 ке чейинкиси – аттестациялык иш;**
**0 дөн 5 баллга чейин - ушул мезгил ичиндеги сабактарда алган активдүү (практикалык, лабораториялык жана семинарлык) иши;**
**0 дөн 5 баллга чейин – студенттердин чыгармачылык (өз алдынча)иштери;**
**0 дөн 5 баллга чейин - студенттердин сабактарга катышуусу.**
**2 – рубеждик аттестацияда- эң жогорку балл 50 ; анын ичинде: 0 дөн 35 ке чейинкиси – аттестациялык иш;**
**0 дөн 5 баллга чейин - ушул мезгил ичиндеги сабактарда алган активдүү (практикалык, лабораториялык жана семинарлык) иши;**
**0 дөн 5 баллга чейин – студенттердин чыгармачылык (өз алдынча)иштери;**
**0 дөн 5 баллга чейин - студенттердин сабактарга катышуусу.**

Студенттерди аттестациядан өткөрүүнүн тартибин ПЦКнын төрагалары директордун окуу иштери боюнча орун басары менен макулдашууга милдеттүү.
Бааларды аныктоонун шкаласы:
"Эң жакшы" - 85-100 балл;
"Жакшы" - 70-84 балл;
"Канааттандырарлык" - 55-69 балл;
"Зачет" - 55-100 балл.
Рубеждик аттестациялоону өткөрүүдөгү аралыктык көзөмөлдөөнүн формасы-жазуу,оозеки,бланктык же компьютердик тестирлөө.

Балллдык-рейтингдик аттестациялоонун жыйынтыгынын натыйжалары эреже катары, акыркы сабакта окутуучу тарабынан угузулат.

Баалардын шкаласы боюнча "жакшы", "канааттандырарлык" же "зачет" үчүн жетиштүү балл топтогон студенттер, иштеринин жыйынтыгы менен баа алууга мүмкүнчүлүк алышат жана зачет жана экзамендерди тапшыруудан бошотулат.

-Сессияны тапшыруу жөнүндөгү бекитилген графикке ылайык,алардын жыйынтыктары зачет жана экзамен кабыл алынган күнү сынак китепчелерине жана экзамендик ведомостторго коюлат,ошондой эле сессияга кирүүгө уруксат кагазы мөөрү менен болушу зарыл.Семестр учурунда "жакшы", канааттандырарлык"бааларын же "зачет"үчүн керектүү сандагы баллды топтой албаган студенттер, зачет жана экзамендерин зачет жана экзамендер үчүн түзүлгөн ырааттама боюнча тапшырышат.**Экзамендик сессия учурундагы зачет жана экзамендер жазуу же оозеки жүзүндө өткөрүлөт, ошондой эле бланкалык жана компьютердик тестирлөө түрүндө болот.**

Рейтинг боюнча татыктуу баа алып, бирок мындан да жогору баа алууга мүмкүнчүлүгү бар студенттер да,сессия учурунда экзамен тапшырууга катыша алышат.Сынак китепчесине жана экзамендик ведомостко 1-чи , 2-чи рубеждик аттестацмялардын жана жыйынтыктоочу көзөмөлдүн баалары коюлат.

Рубеждик аттестация өткөндүн эртеси күнү окутуучулар, колледждин жетекчилигине сессияга келбей калган студенттерге чара көрүү жөнүндөгү маалыматты беришет.

Эгерде жүйөлүү себептер менен рубеждик аттестацияга келбей калган студенттер болсо алар, тапшыруу үчүн окутуучунун макулдугу жана жетекчиликке аны тастыктоочу документи менен кайрылганда гана уруксат кагазын алып тапшыра алышат.Аралыктагы аттестацияны тапшырууга уруксат сессия башталганга чейинки учурда гана берилет. Бул учурда алынган баа балллдык-рейтингдик аттестациянын жыйынтыгын чыгарууда эске алынат жана жетекчилик студентке сессияга кирүүгө уруксат кагазын берет.

Аралыктагы аттестацияны себепсиз калтырган студент мини сессияга директордун уруксаты менен гана кире алат.Мындай учурда студентке зачет же экзаменди кайрадан тапшыруу жолдомосу берилет.Жолдомо алган

студент 3 күндүн ичинде аралыктагы аттестацияны жана жыйынтыктоочу көзөмөлдүн (экзамен же зачет) баарын кайрадан тапшырышы керек.

## 2.Студенттердин жетишүүсү жөнүндөгү балдык-рейтингдик системанын көзөмөлүнүн типтүү жобосу

1. Рейтингдик система студенттин семестр ичинде "топтогон"баллдарынын эсебине негизделет.
2.Бир сабак үчүн студент жалпы суммасы 100 баллды ала алат. Баллдын негизги бөлүгүн ал семестр ичинде (100 баллга чейин), азыраак бөлүгүн(15 балл)-жыйынтыктоочу көзөмөлдө (экзамен же зачет) алат.
3. Система студенттин окуу жүгүнүн бардык түрлөрүн камтууга тийиш (теориялык материал, практикалык машыгуулары, лабораториялык иштерин коргоо, реферат, курстук иштер ж.б.).
4. Жетишүүнүн рубеждик көзөмөлү (жыйынтыгында кезектеги баллдардын сандык топтолушу) семестр ичинде эки жолу өткөрүлөт.
5. Система ар бир дисциплина боюнча кылдат ыраатталышы керек жана окуунун башталышында эле ошол дисциплина жөнүндө ар бир студентке жеткирилиши зарыл. Системанын негизги варианттарын иштеп чыгууда дисциплинанын өзгөчөлүктөрү жана окутуунун окуу-педагогикалык негиздери эске алынат.
6. Мамлекеттик экзамендерде билимди баалоо баллдык- рейтингдик системаны колдонуусуз ишке ашырылат.
7. К.И.Скрябин атындагы КУАУнун алдындагы ТЭКтин педагогикалык кеңешинин чечими менен балл топтоонун төмөнкү системасы бекитилген.

| Семестрдеги баллдар | Автоматтык баа берүү | Жыйынтыктоочу баллдар(экзамен же зачет) | Баллдардын жалпы суммасы | Жыйынтыктоочу баа |
|---|---|---|---|---|
| 85-100 | 5 | - | 100 | 5 |
| 70-84 | 4 | 0-15 | 85-99 | 5 |
| 55-69 | 3 | 0-15 | 70-84 | 4 |
| 40 - 54 | - | 0-15 | 55-69 | 3 |
| кеминде 40 | - | - | кеминде 40 | 2 |

Курстук иш (долбоор), окуу жана өндүрүштүк практикалар өзүнчө модул болуп каралып,100 баллдык шкала менен бааланат.Курстук иштин (долбоор), практиканын отчетторунун баллдары дисциплинанын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен бааланатт.

## Курстук ишти ( долбоор) аткарууда балл жыйноонун болжолдуу шкаласы

| № | Көзөмөлдөөнүн түрү | Баллдар | | Баа берүү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Адабияттарды топтоо, эксперименттик-тажрыйба иштеринин методикасын негиздөө жана бөлүмдөрдү аткаруу | 0-50 | | |
| 2. | Курстук ишти коргоо | 0-50 | 5-19<br>20-34<br>35-50 | "Канаатан.»<br>«Жакшы»<br>«Эн жакшы" |
| | Баардыгы: | 100 | | |

## Практиканын жыйынтыгы боюнча балл жыйноонун болжолдуу шкаласы

| № | Көзөмөлдөөнүн түрү | Баллдар |
|---|---|---|
| 1. | Практиканын планын жана максаттарын ишке ашыруу | 0-10 |
| 2. | Өндүрүштөгү практика жетекчисинин койгон баасы | |
| | «Эң жакшы» | 20 |
| | «Жакшы» | 15 |
| | «Канааттандырарлык» | 10 |
| 3. | Иш жүзүндө алган теориялык билимди колдоно билүүсү жана отчеттук документацияны даярдоосу | 0-20 |
| | Практика боюнча отчетун коргоо | 0-50 |
| | Баардыгы: | 100 |

Семестрдин жыйынтыгы боюнча 55тен жогору балл топтогон студент автоматтык түрдө 5, 4 же 3 алуу менен экзаменден бошотулат. Эгерде студентти алган баасы канааттандырбаса, (4,3 же 2) ал экзамен тапшыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ жана өзүнүн баасын жогорулата алат. Автоматтык түрдө баа ала албаган жана 40тан 54кө чейин ган балл тотптогон студент экзамен же зачет тапшырууга милдеттүү.40 баллдан кем топтогон студент жыйынтыктоочу көзөмөлгө киргизилбейт, ал мини сессияга калтырылат жана аралыктагы бардык аттестацияны жана жыйынтыктоочу көзөмөлдү (экзамен же зачет) кайрадан тапшырууга милдеттүү.

Мини сессия учурунда экзамен же зачетту тапшырбаган студент окуудан четтетүүгө сунушталат.

Сабак боюнча студенттин жыйынтыктоочу баасы,1-чи жана 2-чи рубеждик аттестациялардын суммасы,сабактарга катышуусу, жигердүүлүгү, чыгармачылык (өз алдынчалыгы) иштери жана жыйынтыктоочу көзөмөлдүн натыйжасы менен аныкталат.

Студенттин рейтинги (R) билим алуу учурундагы семестр аралык,окуу жылы ичиндеги баллдарынын орточо сандары менен аныкталат:

Р = Σ Р / N; бул жерде N – семестр учурундагы дисциплиналардын саны (окуу жылындагы,болгон билим алуу учуру)

3. Студенттердин жетишүүсүн көзөмөлдөөдө баллдык-рейтингдик системаны ишке ашыруу боюнча нускама

Окуу иштери боюнча директордун орун басары:

- ушул жобо боюнча багытталган ченемдерди ишке ашыруу үчүн уюштуруучулук жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүүсү керек.

Окутуучулар:

- окулуп жаткан сабактар (алардын адистигин эске алуу менен) боюнча студенттердин билимин баалоодогу баллдык-рейтингдик системаны ишке ашырууда окуу тайпаларында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- белгиленген мөөнөттө рубеждик аттестацияны өткөрүү. Бардык жазуу иштери окутуучуда сакталат.

Иш алып баруучу методист:

- аралыктагы аттестацияларды өткөрүүнү камсыз кылуу (ведомостторду даярдоо);
- студенттерди жыйынтыктоочу натыйжалар менен тааныштырып, аралыктагы аттестациялардын жыйынтыктарын маалымат тактайына илүү.

Жетекчилик:

- рубеждик жана жыйынтыктоочу аттестацилардын эсеп маалыматы боюнча ведомостторунун өз убагында киргизилишин жана берилишин көзөмөлдөө;
- рубеждик аттестациядан өтпөй калган студенттерди аныктоо.Алар менен түшүндүрүү (тарбия ) иштерин жүргүзүү, керек болсо окуудан четтетүү сунуштары менен чыгуу.

Жобо К.И.Скрябин атындагы КУАУнун БРС жөнүндөгү Жобосунун негизинде, К.И.Скрябин атындагы КУАУнун алдындагы ТЭКтин методикалык кеңешинин 2023 жылдын 11-октябрындагы протоколу № 1. жыйынында каралды.

ТЭКтин МКнин төрагасы Орозбаев Э.Ж.